На начало 2013 года в Кыргызской Республике функционирует сеть особо охраняемых природных территорий, организованная на общей площади 1208,83 тыс. га.

Леса являются одной из наиболее разнообразных и широко распространенных экосистем на земле и выполняют целый ряд функций и, будучи живым элементом земной поверхности, участвуют в глобальных циклах воды, кислорода, углерода и др. Это единственный природный поглотитель углекислого газа в атмосфере, избыток которого приводит к глобальному потеплению. В Кыргызской Республике леса уникальны и имеют большое экологическое значение, являясь аккумуляторами влаги. Произрастая по склонам гор, они способствуют предотвращению селевых потоков, препятствуют образованию в горах оползней и снежных лавин, регулируют расходы воды в реках, делая их более равномерными в течение года. В Кыргызской Республике около 90% лесных насаждений располагаются на высоте от 700 до 2500 м над уровнем моря. Согласно результатам Национальной инвентаризации лесов Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 26 июля 2011 года N 407, по состоянию на 1 января 2011 года, лесопокрытая площадь Кыргызской Республики составляет 1116,56 тыс. га, или 5,61% от общей площади страны. Из них 846,5 тыс. га изучены в ходе проведения лесоустроительных мероприятий, 85,6 тыс. га - в ходе проведения землеустроительных мероприятий, 184,5 тыс. га - не изучены. При этом рассчитанная экспертами экономическая ценность экологических услуг лесных экосистем составляет 447,36 млрд. сомов ежегодно.

Основы государственной политики в области развития лесных экосистем определены в Концепции развития лесной отрасли Кыргызской Республики на период до 2025 года, утвержденной постановлением Правительства Кыргызской Республики от 14 апреля 2004 года N 256, и Национальной лесной программе на 2005-2015 годы, утвержденной постановлением Правительства Кыргызской Республики от 25 ноября 2004 года N 858.

### Основные проблемы и риски

Дальнейший рост температуры воздуха повлечет за собой смещение вертикальных поясов растительных сообществ. Пустынные и полупустынные виды растений займут нишу горных степей и лугостепей, усилятся процессы видовой сменяемости растений, потери биоразнообразия и лесистости. Леса, выступающие естественными хранилищами углерода, также являются ключевым фактором в обеспечении качества и количества водных ресурсов. Облесение и лесовосстановление позволят повысить влажность, снизить температуру и увеличить количество дождевых осадков. Обезлесение может привести к сокращению количества осадков и, как следствие, к снижению речного стока и увеличению температуры воздуха. По масштабам поглощения углерода, и особенно по размерам его длительного аккумулирования, леса признаются наиболее надежной природной системой предотвращения парникового эффекта.

В результате глобального потепления, кроме передвижения на север, леса могут перемещаться и на более высокие высоты. Подобная тенденция может привести к росту уязвимости многих видов растений в результате генетических и экологических воздействий.

Многие виды деревьев не смогут адаптироваться и обречены на исчезновение в результате изменения климата. Исследования, проведенные Продовольственной и сельскохозяйственной организацией ООН, показывают, что процесс изменения климата в ближайшее столетие повлечет необходимость приспособления лесных экосистем к новому, более теплому климату. Это приведет к исчезновению целого ряда растений и лесов и, соответственно, к потере экологических услуг, выполняемых ими. Чтобы сохранить экономическую выгоду экосистемных услуг утраченных лесов, необходимо ежегодно проводить лесохозяйственные мероприятия.

Экспертные расчеты показывают, что при росте температуры воздуха до +1,5 град. Цельсия и сокращении атмосферных осадков на 10% для сохранения ежегодной экономической выгоды экосистемных услуг необходимо ежегодно проводить лесохозяйственные мероприятия на сумму 4550,4 млн. сомов, а для самого неблагоприятного сценария изменения климата экономический ущерб от потери лесных ресурсов составит 10272 млн. сомов.

### *Задачи и предлагаемые меры*

**Задача 1. Сохранение видового разнообразия животного и растительного мира.**

Основные меры:

- постоянный мониторинг популяций флоры и фауны в условиях изменения климата;
- повышение эффективности управления системой особо охраняемых природных территорий;
- сохранение и восстановление водно-болотных угодий, как мест обитания представителей естественного биоразнообразия и важнейшего компонента природной среды, играющего решающую роль в процессах при адаптациях к изменению климата;
- учет рекреационной емкости территорий при планировании туристической деятельности и т.д.

**Задача 2. Повышение площади лесопокрытой территории.**

Основные меры:

- продвижение принципов социального лесоразведения и совместного управления лесами;
- проведение лесоустроительных и лесовосстановительных мероприятий и т.д.

## 2.7. Приоритетное направление “Информирование, образование и научный потенциал”

**Анализ ситуации**

Существует проблема низкой информированности на всех уровнях государственных структур и гражданского общества по проблеме изменения климата. При освещении климатических вопросов в средствах массовой информации многие журналисты поддерживают интерес к публичным дебатам по данному вопросу, тем самым углубляя знания широкой общественности. Проведенная Программой развития Организации Объединенных Наций оценка информированности государственных служащих о вопросах изменения климата показала, что порядка 90% из них слышали



Приоритетные направления адаптации к изменению климата в Кыргызской Республике до 2017 года

об этой проблеме, но более глубокое понимание вопроса имеет менее 30%. При этом, многие некоммерческие организации, активно участвуя в международных процессах, более осведомлены в вопросах изменения климата.

В Кыргызской Республике создана информационная сеть по вопросам изменения климата - ИНФОИК, которая на базе электронной рассылки объединила ряд экспертов и организаций, распространяя международные новости и другую информацию по практическим вопросам изменения климата. На региональном уровне вопросы изменения климата систематически освещаются информационной сетью “Окружающая среда и устойчивое развитие Центральной Азии - КАРНет”. Некоторыми международными организациями реализуются мероприятия по повышению информированности и знаний сотрудников государственных органов и общественности по вопросам изменения климата, но системная деятельность так и не налажена.

Глобальный характер изменения климата требует максимально широкого сотрудничества государственных структур, гражданского общества, исследовательских институтов, бизнес-сообщества, международных организаций. Потенциал национальных научных учреждений не используется в полной мере для реализации исследовательской деятельности и разработки адаптационных мероприятий на национальном и местном уровнях.

**Основные проблемы**

Феномен климатических изменений принципиально отличается от всех остальных проблем, стоящих перед человечеством, и вынуждает к совершенно иным формам мышления во многих отношениях, что требует национальных исследований и новых знаний. В этой связи повышение информированности и уровня понимания проблемы среди заинтересованных сторон по вопросам изменений климата и их влияния на жизнь людей, экономику и окружающую среду являются важным фактором успешной реализации приоритетных направлений адаптации к изменению климата.

### *Задачи и предлагаемые меры*

**Задача 1. Повышение информированности лиц, принимающих решения, и населения в области адаптации к изменению климата.**

Основные меры:

- разработка и распространение информационных материалов по адаптации к изменению климата, в том числе через средства массовой информации;
- повышение информированности сотрудников государственных структур, органов местного самоуправления, частного бизнеса и гражданского общества на основе практических примеров по адаптации к изменению климата.

**Задача 2. Повышение образовательного и научного потенциала в области адаптации к изменению климата.**

Основные меры:

- разработка учебных курсов по изменению климата, воздействию его на сферы жизнедеятельности и внедрению адаптационных методов и механизмов для разных образовательных уровней и возрастных групп;

- усиление мониторинга природных процессов изменения климата в Кыргызской Республике и прогнозирование изменения климата на основе современных научных и технических достижений в данной области;
- исследования в области повышения эффективности и конкурентоспособности агропромышленного комплекса в условиях меняющегося климата;
- изучение последствий антропогенного воздействия на почвы (опустынивание, деградация, загрязнение, эрозия и др.) и способов сохранения, рационального использования и воспроизводства плодородия почв;
- исследования по оценке уровня воздействия климатических изменений на урожайность пшеницы и других основных продуктов растениеводства и т.д.

## 3. РЕАЛИЗАЦИЯ ПРИОРИТЕТНЫХ НАПРАВЛЕНИЙ

### 3.1. Государственная координация реализации приоритетных направлений

Реализация межведомственной и межсекторальной координации, а также ответственность за принятие стратегических решений по реализации приоритетных направлений возлагается на Координационную комиссию по проблемам изменения климата (далее - ККПИК), образованную постановлением Правительства Кыргызской Республики от 21 ноября 2012 года N 783, как межсекторальный орган по вопросам изменения климата, в соответствии с требованиями РКИК и Киотского протокола к ней. Ответственность за разработку соответствующих программных документов по изменению климата в Кыргызской Республике возлагается на профильные министерства и ведомства, мониторинг и оценка реализации приоритетов возлагается на ККПИК, сбор информации и подготовка решений для ККПИК возлагается на ее рабочий орган - Государственное агентство охраны окружающей среды и лесного хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики.

### 3.2. Этапы реализации приоритетных направлений

Достижение реализации приоритетных направлений адаптационной деятельности в силу особенностей экономического и социального развития страны и развития мировой экономики не может быть осуществлено в краткосрочный период. Поэтому необходимы поэтапное создание нормативной правовой базы, производственно-технологических условий в каждом секторе, достижение и закрепление промежуточных результатов, а также разработка инвестиционных проектов, ведение переговоров и поиск международных доноров.

В связи с этим реализация приоритетных направлений по адаптации к изменению климата будет осуществляться в два этапа.

Первый этап (2013-2014 годы) - стабилизационно-подготовительный этап, который ориентирован на создание потенциала положительной адаптационной деятельности и экономического роста, идентификацию и разработку конкретных проектных предложений, ведение переговоров с потенциальными донорами, а также совершенствование нормативной правовой базы, научного и информационного потенциала в области изменения климата. В ходе первого этапа будут заложены необходимые нормативные правовые, материально-технические основы, идентифицированы инновационные модели развития секторов экономики в условиях изменения климата, а также



Приоритетные направления адаптации к изменению климата в Кыргызской Республике до 2017 года

разработаны проектные предложения и проведены консультации по привлечению внешнего финансирования для реализации адаптационных мероприятий. Также будут реализованы первостепенные мероприятия и адаптационные проекты по мере нахождения финансирования.

Второй этап (2015-2017 годы) - этап активной реализации разработанных адаптационных мер и проектов по секторам экономики. Данный этап предусматривает разработку секторальных планов по адаптации к изменению климата. На первом заседании Координационной комиссии по проблемам изменения климата от 15 февраля 2013 года принято решение о подготовке отраслевых программ по адаптации к изменению климата и представлении их в срок к 1 ноября 2014 года следующими государственными структурами: Министерством энергетики и промышленности Кыргызской Республики, Министерством сельского хозяйства и мелиорации Кыргызской Республики, Министерством чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики, Государственным агентством охраны окружающей среды и лесного хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики.

На всех этапах реализации приоритетных направлений важная роль будет отведена развитию и укреплению сотрудничества с другими странами, где успешно опробованы наилучшие подходы на практике в области адаптации к изменению климата. Также, будет использован опыт и потенциал в этой области международных организаций, таких, как Программа Развития ООН, Программа ООН по окружающей среде, Организация экономического сотрудничества и развития, Всемирный банк, Европейский банк реконструкции и развития, Азиатский банк развития и другие.

### 3.3. Финансирование реализации приоритетных направлений

Реализация приоритетных направлений будет основана на использовании как национальных, так и международных источников финансирования, технической и технологической помощи и потребует мобилизации значительных финансовых, научно-технологических, трудовых и других ресурсов. Процесс формирования финансовых потоков в сфере адаптации неразрывно связан с процессом инвестирования и накопления капитала в экономике. Поэтому речь не идет о создании принципиально иных источников финансирования, а о дополнительных критериях и стимулах в использовании уже имеющихся источников. К таким источникам относятся ресурсы, предусмотренные для осуществления секторальных и региональных программ развития, затраты органов местного самоуправления на развитие социальной инфраструктуры, инвестиции частных компаний, международная донорская помощь и т.д.

Учет климатических рисков должен стать дополнительным элементом механизма принятия решения о расходовании средств в государственном и частном секторах. Одним из инструментов такого механизма являются методические и нормативные документы, которые необходимо привести в соответствие с задачами адаптации к изменению климата.

Для эффективного решения проблемы адаптации к изменению климата необходимы дополнительные внешние инвестиции и международные переговоры, сосредоточенные на определении идеальных уровней инвестиций, их сочетаний и источников. Государства-члены, поддержавшие РКИК, создали несколько структур для финансирования адаптационных проектов. Среди них - Глобальный экологический фонд и специальные фонды. Кроме этого адаптационные мероприятия могут быть решены на основе передачи международного опыта и привлечения финансовых ресурсов международных организаций таких, как Всемирный банк, Европейский банк

реконструкции и развития, Азиатский банк развития, агентства ООН, а также двусторонней и многосторонней помощи основных стран-доноров Кыргызской Республики (Европейский Союз, Германия, Финляндия и т.д.). Предполагается, что деятельность доноров будет координироваться ККПИК на регулярной основе.

Учитывая высокую конкуренцию стран в соискании международного финансирования для реализации адаптационных проектов, необходима тщательная подготовка проектных предложений. Заявки на финансирование должны включать детальное описание подходов к снижению климатических рисков и предотвращению ущербов, подкрепляться обоснованием и соответствовать основным критериям снижения уязвимости в приоритетных направлениях адаптации к изменению климата в Кыргызской Республике.



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Бишкек шаары, 2013-жылдын 2-октябры N 549

## 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын бекитүү жөнүндө

Өзгөрүп жаткан климатка Кыргыз Республикасынын экологиялык-экономикалык тутумдарын адаптациялоо жана Климаттын өзгөрүшү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10-беренесин жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Тиркелген: 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттары бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги таламдаш министрликтер жана ведомстволор менен бирдикте 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды көрсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнө жүктөлсүн.
4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

***«Эркин Тоо» газетасынын 2013-жылдын 4-октябрында N 81 жарыяланды***

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Ж.Сатыбалдиев

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2013-жылдын 2-октябрындагы
N 549 токтому менен бекитилген

# 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

Соңку ондогон жылдардын ичинде климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери айлана-чөйрө, экономика жана калк үчүн эл аралык коомчулуктун алда канча актуалдуу глобалдуу проблемаларынын бири болуп калды. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин БУУнун Кыргыз Республикасындагы Өнүктүрүү программасы менен биргеликте жүргүзүлгөн эксперттик талдоосу климаттын артка кайткыс өзгөрүшүнө өтүү көз карашында Кыргыз Республикасындагы кырдаалды кыйчалыштуу деп санайт. 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу учурунда эксперттер жүргүзгөн алдын ала эсептөөлөр климаттын өзгөрүшүнүн эң жагымсыз сценарийлери боюнча 2100-жылга карата ар жылдагы экономикалык зыян республика үчүн 64800 млн. сомду түзүшү мүмкүн экенин көрсөтүп турат. Климаттын өзгөрүшү турмуш деңгээлин жогорулатуу боюнча өлкөнүн күч-аракеттерине терс таасир этиши мүмкүн, буга байланыштуу улуттук климаттык саясатты, өзгөчө климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча саясатты иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу өтө зарылчылык болуп калууда.

Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттары бүткүл дүйнөдө калктын эң кедей топторунун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн болуп көрбөгөндөй күч-аракеттерге дем берди. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жарандык коом жана эл аралык институттар 2015-жылга чейинки мезгилге өтө кедейлик көрсөткүчтөрүн кыскартуудан тартып экологиялык туруктуулукту жана баарына жалпы билимди камсыз кылууга, балдардын өлүмгө учурашын кыскартууга жана гендердик теңчиликти камсыз кылууга чейинки милдеттердин бүтүндөй спектрин аткарууну өзүнө алды. Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо чараларын иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу 2015-жылдан кийин Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттарын жүзөгө ашыруудагы жетишкендиктерди бекемдөө боюнча стратегиянын бир бөлүгү катары каралууга тийиш.

Климаттын өзгөрүшүнө карата адаптациялоонун алкагында күн мурунтан жасалган аракеттер Кыргызстанга байкаларлык экономикалык пайда алып келет жана экосистемаларга, адамдын ден соолугуна, экономикалык өнүгүүгө жана инфратүзүм объекттерине карата коркунучту орчундуу азайтууга мүмкүндүк берет. Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин болтурбоо боюнча адаптациялоо чараларын иштеп чыгууга кеткен республикалык сарптоолордун эксперттик эсептөөлөрү ырастагандай, аларды турмушка ашыруудан алынган пайда кыйла олуттуу болушу мүмкүн, ал эми илимди, технологияларды бириктирген комплекстүү ыкма климаттын өзгөрүүлөрүнө коомдун жана өлкөнүн экономикасынын чабалдыгын азайтууга түрткү болот. Климаттын өзгөрүү проблемасын жагымдуу аракеттердин башталышынын катализатору катары пайдаланып, өлкө иш жүзүндө Туруктуу өнүктүрүүнүн максаттарына жетишүү процессин тездетип, адаптациялоо





багыттарына жетишүүгө көмөктөшөт. Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча улуттук артыкчылыктуу багыттарды (мындан ары - артыкчылыктуу багыттар) иштеп чыгуу жана бекитүү бул процесстин алгачкы кадамы болуп саналат.

## 1. КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНӨ АДАПТАЦИЯЛООНУН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫНЫН МИССИЯСЫ

Артыкчылыктуу багыттардын негизги миссиясы климаттын өзгөрүшүнө алда канча байымсыз экономика секторлорунда адаптациялоо чараларын турмушка ашыруунун негизинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү үчүн климаттын өзгөрүшүнүн терс тобокелдиктерин минималдаштыруу жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу максатында ресурстарды мобилизациялоо боюнча улуттук саясатты аныктоодо турат.

Экономиканын секторлорун өнүктүрүүнүн келечек стратегияларында пландалып жаткан иш климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо багыттарына шайкеш келтирилүүгө тийиш. Адаптациялоо иш-чаралары климаттын өзгөрүшү менен шартталган тобокелдиктерди талдоонун, экономиканын секторлорунун, жаратылыш объекттеринин жана калктын чабалдыгын баалоонун негизинде иштелип чыгууга тийиш. Артыкчылыктуу багыттар ведомстволор аралык жана секторлор аралык мамиленин алкагындагы адаптациялоо иш-чараларын пландоонун жана жүзөгө ашыруунун комплекстүү тутумун иштеп чыгуунун жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча долбоорлорду иштеп чыгууга бардык таламдаш тараптардын катышуусунун жолунда алгачкы кадам болуп саналат. Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча артыкчылыктуу багыттарды практикалык турмушка ашыруу өлкөнүн жаратылыш жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын ар бир өзүнчө регионуна жекече мамилени талап кылат.

Мындан тышкары, артыкчылыктуу багыттар климаттын өзгөрүшү жөнүндө БУУнун Алкактык конвенциясынын (мындан ары - КӨАК) алкагында сүйлөшүүлөрдө позицияларды калыптандыруу жана улуттук экономиканы өнүктүрүүгө тышкы каржылоону тартууну иретке келтирүү үчүн негизги өбөлгө болуп саналат.

## 2. КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНӨ АДАПТАЦИЯЛООНУН НЕГИЗГИ АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

Адаптациялоо жаатындагы долбоорлор менен программалардын жалпы максаты климаттын өзгөрүшүнүн калк, өлкө жана экономиканын тармактары үчүн кесепеттерин жеңилдетүүгө багытталган конкреттүү иш-чараларды колдоодо турат.

Адаптациялоо боюнча иштин түз багыттары төмөнкүлөр болот:

- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун ченемдик укуктук негиздерин өркүндөтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо маселелеринде институттук негиздерди өркүндөтүү жана ведомстволор аралык интеграцияны камсыз кылуу;
- финансылык-экономикалык механизмдерди өркүндөтүү, анын ичинде артыкчылыктуу адаптациялоо чараларына тышкы каржылоону мобилизациялоо;
- климаттын өзгөрүү процесстеринин мониторингин жана климаттык тобокелдиктерге баа берүүнү камсыз кылган маалыматтык өбөлгөлөрдү өркүндөтүү;

- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо процессине жарандык коомду тартуу;
- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жаатында илимий потенциалды жогорулатуу;
- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо маселелери боюнча чек ара аралык кызматташтыкты уюштуруу жана алга илгерилетүү.

Адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын турмушка ашыруу улуттук деңгээлде жана зыяндын тобокелдиктери айрыкча жогору болгон төмөнкүдөй айрым өзгөчө секторлордун деңгээлинде орточо мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү программаларды турмушка ашыруу учурунда климаттын өзгөрүшүнүн тобокелдиктери менен байланышкан, күтүлгөн зыянды болтурбоого мүмкүндүк берет:

- суу ресурстары;
- айыл чарбасы;
- энергетика;
- өзгөчө кырдаалдар;
- саламаттык сактоо;
- токой жана биологиялык ар түрдүүлүк.

## 2.1. «Суу ресурстары» артыкчылыктуу багыты

### Кырдаалга талдоо

Кыргыз Республикасы гидрологиялык өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы, анын суу ресурстары толугу менен өзүнүн аймагында калыптангандыгында турат. Кыргыз Республикасы жер астындагы жана жер үстүндөгү суулардын кыйла ресурстарына ээ, алардын запастары дарыяларда, мөңгүлөрдө жана кар массивдеринде топтолгон.

Республикада 3500дөн ашык дарыя бар, алар Сыр-Дарыя, Аму-Дарыя, Чүй, Талас, Или, Тарим дарыяларынын негизги бассейндерине жана Ысык-Көлгө таандык. Бул дарыялар Кыргыз Республикасынын аймагы жана Борбордук Азия мамлекеттери аркылуу өтөт. Өлкөнүн суу ресурстары Борбордук Азиянын бүткүл регионунун экологиялык жана экономикалык туруктуулугунда маанилүү роль ойнойт. Кыргызстандын сууларынын агымынын жалпы жылдык көлөмү 47-50 куб. километрге жакынды түзөт. Кыргыз Республикасы болгон суу ресурстарынын 20-25%ын колдонот. Калган суулар коңшу мамлекеттердин: Казакстандын, Кытайдын, Тажикстандын жана Өзбекстандын аймагына агып барат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 7-августундагы N 553 токтому менен жактырылган Кыргыз Республикасынын 2006-2011-жылдарда курчап турган чөйрөсүнүн абалы жөнүндө улуттук докладынын маалыматтары боюнча, 2010-жылы топтолгон тузсуз суунун 93%ы - сугат жана айыл чарбасын суу менен камсыз кылуу үчүн, 4,6%ы - чарбалык-ичүү муктаждыктары үчүн жана болгону 2%ы өндүрүштүк муктаждыктар үчүн пайдаланылды. Керектөөнүн бул түзүмү соңку жылдардын ичинде сакталууда. Сугат үчүн - жер үстүндөгү, ошондой эле жер астындагы суулар, ал эми өндүрүштүк жана чарбалык-ичүү муктаждыктары үчүн басымдуу түрдө жер астындагы суулар колдонулат. 2010-жылы турмуш-тиричиликте сууну керектөө калктын киши башына эсептегенде 40 куб. метрди түздү, бул 2006-жылдагы көрсөткүчтөн 1,6 эсе көп. Сууну алда канча көп керектөө Чүй (анын ичинде Бишкек шаарында) жана Ош облустарында белгиленген.



2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылык-туу багыттарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын суу чарба сектору сугат жерлеринин 1018,7 миң гектарын камсыз кылат, алардын ичинен 100,1 миң га мелиорация жагынан канааттандырылбайт. Бардык чарбалар аралык каналдардын жалпы узундугу 6502,34 км, анын ичинен 43%ына бетон төшөлгөн. Бардыгы 34 суу сактагыч, 8318 ар кандай гидротехникалык курулмалар бар. Коллектордук-дренаждык тармактын узундугу 642,46 километрди түзөт. Ички чарбалык ирригациялык инфратүзүм 22700 км сугат каналдарынан (алардын ичинен 24%ынын бети капталган жана лоток) турат. Ачык жана жабык коллектордук-дренаждык тармак - 4300 км, алардын ичинен 48%ы канааттандырарлык эмес абалда. Ички чарбалык мелиоративдик курулмаларды өнүктүрүүдө, жаңы жана мелиоративдик жакшыртылган колдонуудагы сугат жерлерди өздөштүрүүдө олуттуу көйгөйлөр орун алган. Суу топтогучтан тартып талаага жеткирүүдө суунун жоготуулары расмий статистика боюнча, ирригациялык каналдардын канааттандырарлыксыз техникалык абалынан улам 23%га жакынды түзөт, ал эми эксперттик баа берүүлөр боюнча, 40%дан ашыкты түзөт.

### Негизги проблемалар жана тобокелдиктер

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-майындагы N 274 токтому менен жактырылган Кыргыз Республикасынын климатынын өзгөрүшү боюнча Экинчи Улуттук билдирүүсүн даярдоонун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр мөңгүнүн кыскарышына байланыштуу мөңгүлөрдөн башат алган чакан суулардын агымынын азайышына климаттын өзгөрүшүнүн тийгизген таасирин белгилеген.

Ошондой эле суунун агымын сезондук бөлүштүрүү да өзгөрдү. Республиканын жалпы аянтынын ичинен аймактын 4,1%ын мөңгүлөр жана кар ээлеп турат. 60-жылдарга таандык болгон маалыматтар боюнча, Кыргыз Республикасынын аймагында - музга айланышынын жалпы аянты 8076,9 кв. километрди түзгөн 8208 мөңгү болгон. Азыркы учурда мөңгүлөрдүн тез эриши байкалууда жана эксперттик баа берүүлөр боюнча, бул көрсөткүчтөр 20%га төмөндөгөн.

2020-2025-жылдарга чейин мөңгүлөрдүн көп эришинин эсебинен жер үстүндөгү суу агымдарынын 55,5 куб. километрге чейин көбөйүшү күтүлүүдө, андан ары 2100-жылга карата анын болжол менен 42-20 куб. километрге чейин азайышы болжолдонот, бул 2000-жылдагы суу агымынын 44төн 88%га чейинкисин түзөт. Бул процесстин натыйжалары Кыргызстанда гана эмес, ошондой эле бүтүндөй алганда Борбордук Азия регионунда суу ресурстары менен камсыз болуунун жетишсиздигине, энергетикалык потенциалдын жана жер ресурстарынын азыктуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. Абанын температурасы +1,5 град. Цельсияга жогорулаган жана жаан-чачын - 0,9 га азайган шартта, эсептөөлөр көрсөткөндөй, орточо көп жылдык маанилерге караганда Ысык-Көл, Чүй, Сыр-Дарыя жана Аму-Дарыя бассейндеринин суу агымы 2050-жылга карата 4-31%га азайышы күтүлөт. Суу агымынын орточо көп жылдык маанилерден 49-19% чегинде алда канча көп төмөндөшү 2100-жылга карата болжолдонууда. Анын үстүнө суу агымынын алда канча көп төмөндөшү Ысык-Көл бассейнинде - 2050-жылга карата 31%га жана 2100-жылга карата 41%га, Чүй бассейнинде - тиешелүү түрдө 21% жана 42%га чейин болжолдонууда.

БУУнун демографиялык сценарийи боюнча суу ресурстарын пайдалануунун жана сууну коңшу өлкөлөр менен бөлүшүүнүн учурдагы практикасы сакталганда калкынын өсүш деңгээли жогору болгон Кыргыз Республикасы температура 4 град. Цельсияга жогорулаган учурда 2075-жылдан тартып, ал эми 6,4 град. Цельсияга жогорулаган учурда 2065-жылдан тартып жер үстүндөгү суу ресурстарынын тартыштыгын башынан өткөрөт.

Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу суу ресурстарынын тартыштыгынын болжолдонгондой күчөшү климаттык жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен суу ресурстарын башкарууну андан ары өркүндөтүү зарылчылыгын шарттайт. Суу пайдалануудагы өзгөрүүлөр суу менен камсыз болуу, сугат жерлер, ошондой эле башка секторлор үчүн сууга муктаждыктын көбөйүү/азаюу факторлорунун биргелешкен таасиринен келип чыгышы мүмкүн.

### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**Милдет. Суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу практикасын киргизүү.**

Негизги чаралар:

- суу ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну өркүндөтүү, сууну сарамжалдуу пайдалануунун экономикалык стимулдарын киргизүү;
- суу чарба объекттеринин учурдагы суу чарба курулмаларын реабилитациялоо жана жаңыларын куруу;
- суу агымдарын калыптандыруу зоналарын сактоо - токой көчөттөрүн калыбына келтирүү жана отургузуу, сууну сактоо зоналарынын режимин жана суу объекттеринин тилкелерин сактоо;
- суу агымдарын калыптандыруунун өзөктүү зоналарына өзгөчө корголуучу аймактын макамын берүү;
- жаратылыш-климаттык параметрлерге мониторинг системасын калыбына келтирүү жана колдоо;
- суу ресурстарынын сапаттык жана сандык абалы жөнүндө маалымдуулукту арттыруу;
- трансчек аралык суу объекттерин сактоо жана пайдалануу чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты чыңдоо;
- климаттын өзгөрүшүнүн социалдык-экономикалык кесепеттери жөнүндө, анын ичинде суунун өсүп бараткан тартыштыгынын көйгөйү боюнча калктын маалымдар болушун арттыруу.

## 2.2. «Айыл чарбасы» артыкчылыктуу багыты

**Кырдаалга талдоо**

Кыргыз Республикасы - кедейликтин деңгээли шаарга караганда кыйла жогору болгон калкынын 66%ы айыл жеринде жашаган агрардык өлкө. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-апрелиндеги N 218 токтому менен жактырылган 2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүгө өтүшү боюнча программада өлкөнүн ИДПсында айыл чарбасынын үлүшү 2012-жылы 17,5%ды түзөт деп белгиленген, бул 2011-жылга салыштырганда 0,5%га аз. Соңку 15 жылда экономиканын түзүмүндө айыл чарбасынын салыштырма салмагы эки эседен ашык - 46%дан 17,5%га чейин кыскарды.

2011-жылы 1159,2 миң гектарга айыл чарба өсүмдүктөрү эгилди, анын ичинде 1157,6 миң гектары - айдоо жана 1,6 миң гектары - бак, жайыттарда жана дарыялардын алаптарында, 4,7 миң га коңтормо айдалды, корголгон кыртыш 0,04 миң гектарды түздү, 2,6 миң га айдоо аянты питомниктерге жана көп жылдык өсүмдүктөргө пайдаланылды. 1980-1990-жылдары айдоо аянтынын





түшүмдүүлүгү гектарынан орточо 34 центнер дан эгиндерин түзсө (иштетилгенден кийинки салмакта), 1996-2010-жылдардагы мезгилде төмөндөдү жана 2011-жылы гектарына 25,2 центнерди түздү. Айдоо аянттарынын түшүмдүүлүгүнүн 8,8 ц/гектарга төмөндөшү дан эгиндерин жыл сайын кыйла кем алууга алып келди.

Бардык ушул көйгөйлөрдүн натыйжасында негизги тамак-аш азыктары менен өзүн-өзү камсыз кылуу жагындагы иштер начарлады. 2012-жылы коопсуздук азык-түлүк азыктарынын 9 түрүнүн ичинен Кыргыз Республикасы өзүн айыл чарба азыктарынын үч түрү боюнча гана толук камсыз кыла алды, булар - картошка, сүт жана жашылча. Башка азыктар боюнча камсыз болуу төмөнкүлөрдү түздү: нан азыктары жана ун боюнча - 47%, өсүмдүк майы боюнча - 31%, кант боюнча - 12%, эт боюнча - 37%. 2012-жылдын сентябрында БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы жүргүзгөн иликтөөлөрдүн натыйжалары боюнча, Кыргыз Республикасындагы үй чарбаларынын 25%ынын, же 1,3 миллионго жакын адамдын азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли төмөн. Азык-түлүк коопсуздугунун деңгээли өтө төмөн болгон үй-бүлөлөрдүн алда канча жогорку пайызы Жалал-Абад облусунда (калктын 48%ы), Ош (38%) жана Баткен (38%) облустарында жашайт. Өзүн азык-түлүк менен камсыз кылуу деңгээлинин төмөндүгү сөзсүз импортко көз карандылыктын жогорку деңгээлине жана табигый муктаждыктарды камсыз кылууга калктын чыгымдарынын өсүшүнө алып келет.

2011-жылдын 1-январына карата айыл чарба багытындагы жерлер бүткүл жер фондунун 28,5%ын түздү жана 5684,5 миң гектарды ээледи, алардын ичинен 45,7%ы суу жана шамал эрозиясына дуушарланган. Алардын ичинен 720,6 миң гектарды айдоо жерлер ээлейт, алар суу эрозиясына дуушарланган. Жерлердин күрдүүлүгүн сактоо жана калыбына келтирүү, кыртыштын бузулушун чектетүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар кырдаалды жакшыртууга мүмкүндүк бербей жатат.

Азыркы учурда өзүнүн жер үлүшүн алган айыл калкынын саны 2665,4 миң адамды түздү. Натыйжада Кыргызстандын бүткүл калкынын 54%ы айыл чарба багытындагы жер участкаларынын менчик ээлери болуп калды.

**Негизги проблемалар жана тобокелдиктер**

Климаттык шарттары боюнча Кыргыз Республикасы тобокелдүү дыйканчылык зонасына кирет. Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу суу ресурстарынын азайышы, температуранын өзгөрүшү мелиоративдик абалга, колдонулуучу жерлердин сапатына жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө тиешелүү түрдө өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга түздөн-түз таасир этет.

Климаттын өзгөрүшү азык-түлүктүн болушуна, азык-түлүккө жеткиликтүүлүгүнө, азык-түлүк запастарынын туруктуулугуна жана азык-түлүктү керектөөгө таасир этет. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун изилдөөлөрү төмөнкүлөрдү көрсөтүп турат: климаттын өзгөрүшүнүн натыйжасында Кыргыз Республикасында айдоо жерлердин түшүмдүүлүгү азаят, ал эми чөлдөрдүн жана жарым чөлдөрдүн аймактары 15,0%дан (2000-жылдагы) 23,3% - 49,7%га чейин (2100-жылдагы) кеңейет. Бийик тоолуу жайыттардын аймактары жана күрдүүлүгү 50%га чейин кыскарышы мүмкүн, мында жазгы-күзгү байымы жок жайыттардын болжолдонгон жоготуулары 70%ды түзөт. Мөңгүлөр бузулган, жаан-чачындын режимдери жана температура, дарыя сууларынын ресурстары өзгөргөн шартта айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшүнүн шарттары жана алардын түшүмдүүлүгү өзгөрөт. Чүй облусунда буудайдын, кант кызылчасынын жана мөмө-жемиштердин, Талас облусунда буудайдын жана арпанын, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында айрым өсүмдүктөрдүн

түшүмдүүлүгүнүн кыскарышы күтүлүүдө. Өсүмдүк чарбасынын түшүмдүүлүгүнүн жана мал чарбачылыгынын азыктуулугунун болжолдонуп жаткан төмөндөшү калктын эң жакыр катмарларына алда канча терс таасир этет, ошондой эле азык-түлүккө баанын андан ары өсүшүнө түрткү болуп, өзгөчө айыл тургундарынын социалдык-экономикалык абалын начарлатат.

Жер бетиндеги суу ресурстарынын азайышынан келтирилген экономикалык зыянга кошумча түрдө айыл чарбасы ошондой эле климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу климатка көз каранды болгон өсүп бараткан өзгөчө, мисалы, кургакчылык сыяктуу кубулуштарга дуушарланат. Өлкөдө өсүмдүктөр менен жаныбарлардын зыянкечтеринин жана инфекцияларынын биздин регионго башынан мүнөздүү болбогон жаңы түрлөрүнүн пайда болуу тобокелдиги бар. Климатка көз каранды болгон өзгөчө кубулуштардан республиканын айыл чарбасына ар жылдагы зыян 2100-жылга карата 3360 млн. сомдон ашуусу мүмкүн.

Мында температуранын жана атмосфералык абада көмүр кычкыл газдын курамынын деңгээлинин жогорулашы өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет, бул айыл чарбасы үчүн оң фактор болуп саналат. Бирок бул пайданы толук пайдалануу үчүн сугат суу менен камсыз кылуу системасын өркүндөтүү зарыл, ага муктаждык да температуранын өсүшүнө пропорциялуу өсө берет.

### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**Милдет. Жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун арттыруу жана айыл чарбасын адаптациялоо.**

Негизги чаралар:

- айыл чарба өндүрүшүн жайгаштырууну оптималдаштыруу жана адистештирүү;
- кургакчылыкка жана селге байымдуу өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча селекциялык иштерди жүргүзүү;
- фитомелиоративдик иштерди жүргүзүү;
- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоону эске алуу менен жайытты интеграцияланган башкаруу жана жайыт мал чарбачылыгын өнүктүрүү;
- климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине мыкты адаптациялоо үчүн тиешелүү айыл чарба инфратүзүмүн жакшыртуу;
- азык-түлүк коопсуздугунун мониторинг тутумун өркүндөтүү жана түшүмдүүлүктү болжолдоо тутумун түзүү.

## 2.3. «Энергетика» артыкчылыктуу багыты

### Кырдаалга талдоо

Энергетикалык сектор Кыргызстандын экономикасынын кыйла маанилүү тармактарынын бири болуп саналат жана электр энергиясынын экспортунан ИДПга болгон салымын камсыз кылып, ишканалар менен калкты энергия менен негизги жабдуучу катары өлкөнүн экономикалык өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт. Кыргызстандын электр энергетикасы бир катар өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ, алар тармактын келечектүү өнүгүшүнө таасир этет. Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан Республикаларынын жана КЭРдин ортосундагы 10-500 кВ чыңалуудагы электр берүүнүн мамлекеттер аралык линияларынын, көп жылдардан берки жөнгө салуусу бар Токтогул ГЭСи суу сактагычынын болушу жана гидроэлектр станцияларынын кыйла басымдуулук кылышы электр энергиясын иштеп чыгуунун балансындагы энергетика тутумунун оң өзгөчөлүгү болуп саналат. Мында республикага зарыл болгон энергия булактарынын көпчүлүгү, анын ичинде таш көмүрдүн 66%ы, газдын 92%ы, дизель отунунун 89%ы, автомобиль бензининин 96%ы, жагылуучу мазуттун 75%ы, авиациялык керосиндин 100%ы алып келинет. 2010-жылы отундун түрлөрүнүн ичинен жалпы керектөөнүн негизги үлүшүн электр энергиясы - 46%ды, таш көмүр - 16%ды, автомобиль бензини - 9%ды түздү.

2011-жылы Кыргыз Республикасында электр энергиясын өндүрүүнүн жалпы көлөмү 14957,2 млн. кВт.саатты түздү, алардын ичинен ички өздүк керектөө өндүрүлгөн электр энергиясынын 87%ын түздү. 2007-2010-жылдардагы мезгилдин ичинде энергияны түпкү керектөөнүн түзүмү туруктуу тенденцияга ээ, анда негизги керектөөчүлөр болуп үй чарбалары саналат, аларга энергияны түпкү керектөөнүн 42%га жакыны туура келет, андан соң кызмат көрсөтүү чөйрөсү - 24%, өнөр жайы - 19% жана транспорт - 9%. Калк үчүн электр энергиясын пайдалуу берүүнү 3646,8 млн. кВт.саат деген эсеп менен алганда, 2010-жылы Кыргызстанда калктын жан башына электр энергиясын керектөө жылына орточо 680 кВт.саатты түздү. Электр энергиясын алда канча көп керектөө Чүй облусуна туура келет, анын эң көп колдонулган учуру кыш мезгилине туш келет.

Туруктуу, ырааттуу мониторингдин натыйжасында электр энергиясынын жоготуулары бара-бара кыскарууда: ал 2008-жылы - 31,6%ды, 2009-жылы - 25,4%ды, 2010-жылы - 26,7%ды түздү. Электр энергиясынын жоготууларынын негизги себептери: тармактардын ашыкча жүгү, эсепке алуу приборлорунун жоктугу же туура эмес иштеши, электр энергиясын уурдоо жана башкалар. Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин алдын ала маалыматтары боюнча, 2011-жылы бөлүштүрүүчү компанияларга келип түшкөн электр энергиясынын жоготуулары 21,2%ды түздү.

Республиканын орду толуп туруучу энергия булактарынын (ОЭБ) техниканын жана технологиянын өнүгүшүнүн азыркы деңгээлинде реалдуу жеткиликтүү болгон потенциалдуу энергия ресурстары жылына 840 млн. тонна шарттуу отунду түзөт. Азыркы учурда орду толуп туруучу энергия булактары турмушта болоор-болбос пайдаланылып жатат жана өлкөнүн жалпы энергия балансында 0,17%ды гана түзөт.

### *Негизги проблемалар жана тобокелдиктер*

Электр энергиясынын кыйла көлөмүн - 90%га жакынын ГЭСтерде өндүрүү анын өздүк наркын кыйла төмөндөтөт, бул энергия системасынын жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Буга байланыштуу климаттын өзгөрүшү Кыргызстандын гидроэнергетикалык потенциалына жана электр энергиясын иштеп чыгууга түздөн-түз таасир этет.

Температуранын болжолдонуп жаткан 1,5 град. Цельсиядан 6,4 град. Цельсияга чейин жогорулашы 2020-2030-жылдардан кийин дарыялардын суусу 15тен 50%га чейин азайышына алып келиши мүмкүн. Гидроэнергетикалык потенциалдын өзгөрүшү электр энергиясын иштеп чыгуунун азайышына, тиешелүү түрдө аны негизги керектөөчү катары калкка түздөн-түз таасир этет. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун изилдөөлөрүнө ылайык, ИДП ар жылда 4%га барабар кошумча өскөндө 25 жылдан кийин Кыргыз Республикасынын экономикалык гидроэнергетикалык

потенциалы түгөнүп калат. Эң жагымсыз климаттык сценарийдин учурунда, башкача айтканда, 2100-жылга карата температура 6,4 град. Цельсияга чейин жогорулаганда жана жаан-чачындар 10%га кыскарганда республиканын экономикалык гидроэнергетикалык потенциалы жылына 30,0 млрд. кВт.саатка чейин кыскарышы мүмкүн. Натыйжада Кыргызстандын энергетикалык коопсуздугу реалдуу коркунучка дуушарланат, ал эми электр энергиясынын тартыштыгын жабуу үчүн ар жылдык чыгымдар 9600 млн. сомго чейинкини түзүшү ыктымал.

Орточо температура өскөн учурда аптаптуу күндөрдүн саны гана эмес, ошондой эле суук күндөрдүн саны да көбөйүшү мүмкүн, бул кайсы процесс: орточо температуранын өсүшү же климаттын өзгөрүп турушунун көбөйүшү басымдуулук кылышына байланыштуу болот. Иш жүзүндө бардык региондордо температуранын болжолдуу жогорулашы болжол менен бирдей болот (айырма 0,2 град. Цельсиядан ашык эмести түзөт). Мында жылытуу мезгилинин узактыгы 2050-жылга карата 16%га жана 2080-жылга карата 30%га кыскарышы күтүлөт, бул оң элемент болуп саналат. Бирок жалпы ысып кетүүгө байланыштуу жылытууга энергияны керектөөнүн ыктымалдуу төмөндөшү үмүт-тилекти актабайт, анткени ал жай мезгилинде муздатууга энергияны керектөөнүн көбөйүшүнүн эсебинен жылдык керектөөнүн өзгөрүшүн билдирбейт. Өнөр жайлык жана жарандык имараттарда жылуулукту жоготууну төмөндөтүү жана коммуналдык жана турак жайларда температуралык режимди башкаруу энергияны керектөөнү кыскартуунун алда канча олуттуу потенциалы болуп саналат.

Энергия булактарын диверсификациялоого, ошондой эле аны пайдалануунун натыйжалуулугун арттырууга багытталган адаптациялык иш-чараларды турмушка ашыруу экономика үчүн кыйла экономикалык жоготуулардын жана калктын социалдык абалынын начарлашынын тобокелдиктерин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген зарылчылык болуп саналат.

### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**1-милдет. Энергетикалык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун арттыруу.**

Негизги чаралар:

- энергиянын жоготууларын кыскартуунун жана өзгөчө жылуулук жана электр энергиясына керектөөчүлөрдүн суроо-талабын оптималдаштырууну стимулдаштыруунун эсебинен энергиянын натыйжалуулугун арттыруу;
- климаттын өзгөрүшүнөн улам жаан-чачындын санынын болжолдонгон азайышын эсепке алуу үчүн өзгөчө кырдаалдарда ГЭСтердин иш пландарын иштеп чыгуу;
- экология жана социалдык өнүктүрүү маселелерин эске алуу менен бардык тармактардын (энергетика, айыл чарбасы, суу менен жабдуу жана канализация сектору) таламдарында суу ресурстарын комплекстүү өздөштүрүү жана пайдалануу боюнча чараларды көрүү.

**2-милдет. Орду толуп туруучу энергия булактарын алга илгерилетүү.**

Негизги чаралар:

- орду толуп туруучу энергия булактарынын негизинде өндүрүүчү кубаттуулуктарды өнүктүрүү;
- энергия ресурстарынын булактарын диверсификациялоо.





## 2.4. «Өзгөчө кырдаалдар» артыкчылыктуу багыты

**Кырдаалга талдоо**

Өзүнүн географиялык абалынын өзгөчөлүктөрүнөн улам Кыргыз Республикасы жаратылыштык мүнөздөгү көп сандаган табигый кырсыктарга дуушарланат, аларда негизги үлүштү жаратылыш-климаттык мүнөздөгү табыгый кырсыктар түзөт (жаратылыштык мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын жалпы санынын 61%ы). Мындай көрүнүштөр экономикага жана айлана-чөйрөгө кыйла зыян келтирет. Статистикалык маалыматтар 2007-2011-жылдардагы мезгилдин ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында алда канча көп сандагы өзгөчө кырдаалдар: 2010-жылы - 439, эң азы 2007-жылы - 209 катталган, ал эми 2011-жылы 255 өзгөчө кырдаал катталган. Алардын көп бөлүгүн жаратылыш-климаттык кубулуштар жана өзгөчө кырдаалдар (сел, ташкындоо, жер көчкү, кар көчкү, суу каптоо) жана метеорологиялык кырдаалдар (шамал, мөндүр, кар, жаан) түзөт. Жаратылыш-климаттык мүнөздөгү алда канча көп сандагы өзгөчө кырдаалдар селге жана суу ташкындоолоруна туура келет, алар бардык өзгөчө кырдаалдардын 29%ын түзөт жана алардын жыл сайын көбөйүү тенденциясы байкалат. Алсак, 2008-жылы - 83, 2009-жылы - 93, 2010-жылы - 131 ушундай кырдаал болгон. Жыштыгы жагынан кийинки кырдаалдар болуп жер көчкү (6%) жана кар көчкү (11%) саналат.

Климаттык өзгөрүүлөрдүн мониторингинин жана болжолунун мүмкүнчүлүктөрү жарандардын жетиштүүлүгүнүн деңгээлине кыйла таасир этет. Алсак, айыл чарба азыктарын өндүрүүчүлөр үчүн температуранын кескин өзгөрүүлөрү жөнүндө күн мурунтан эскертүү же жаан-чачындын схемалары түшүм мол же аз болоорун аныктоого жардам берет. Климаттык өзгөрүүлөрдү сезондук болжолдоо тутумдары жана алынган маалыматты натыйжалуу таратуу айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө потенциалдуу тобокелдиктерге көз салууга жана аларга каршы турууга, өсүмдүктөрдү себүү тутумун алмаштырууга жана климатка байымдуу сортун тандоого мүмкүндүк бере алат.

**Негизги проблемалар жана тобокелдиктер**

Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу климаттык табигый кубулуштардын күчү жана жыштыгы көбөйө берет. Бул сел, жер көчкү процесстеринин көбөйүшүнө жана тиешелүү түрдө күрдүү жерлерди жоготууга, өзгөчө кырдаалдардын санынын көбөйүшүнө алып келет, алар кыйла экономикалык зыянга жана калк арасында курмандыктарга алып келиши мүмкүн. Калктын жакыр катмарлары өзгөчө кырдаалдардын таасиринен зор тобокелдиктерге дуушарланат.

Эксперттик эсептөөлөр көрсөтүп тургандай, температуранын 1 град. Цельсияга жогорулашы климаттык мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын орточо жылдык саны 214 учурга көбөйүшүнө алып келет, ал эми ар жылдагы тикелей экономикалык зыяндын суммасы дээрлик 288 млн. сомду түзөт. Климаттын өзгөрүшүнүн эң жагымсыз сценарийи үчүн өзгөчө кырдаалдардан ар жылдагы тикелей экономикалык зыян 1824 млн. сомго жакынды түзөт. Мында, өзгөчө кырдаалдардан толук зыян кесепеттерди жоюуга чыгымдарды гана камтыган тикелей зыяндан бир нече эсе ашат. Өзгөчө кырдаалдардын мониторингинин жана аны болжолдоонун системаларын өркүндөтүү, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарга калктын даярдыгын арттыруу экономикалык жоготуулардын тобокелдиктерин жана калктын жашоо-турмушуна, ден соолугуна коркунучтарды минималдаштырууга мүмкүндүк берет.

### Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар

**Милдет. Өзгөчө кырдаалдардын тобокелдиктерин азайтуу**

Негизги чаралар:

- аба ырайынын коркунучтуу кубулуштарынын мониторинг жана болжолдоо тутумун өркүндөтүү;
- адамдардын курмандыгын жана экономикалык зыянды минималдаштыруу максатында калкка жана уюмдарга эртелеп кабарлоо тутумун өркүндөтүү;
- коркунучтуу климаттык көрүнүштөргө инфратүзүмдүн байымдуулугун камсыз кылуу үчүн курулуш ченемдерин өркүндөтүү;
- аба ырайы-климаттык тобокелдиктерди камсыздандыруу тутумун өнүктүрүү;
- суунун кириши, ташкындоолор, табигый өрт, катуу суук же жылуулук толкундары келип чыгышынан улам кедей абалга дуушарланган калкка жардам көрсөтүү максатында шашылыш жана өзгөчө режимде, ошондой эле климаттын өзгөрүшү менен байланышкан башка өзгөчө кырдаалдарда иштөөгө коомдук, медициналык жана социалдык мекемелерди даярдоо боюнча алдын алуучу иш-чараларды иштеп чыгуу.

## 2.5. «Саламаттык сактоо» артыкчылыктуу багыты

**Кырдаалга талдоо**

2008-2012-жылдарда саламаттык сактоо чөйрөсүнө мамлекеттик чыгымдардын салыштырма салмагы ИДПга карата 2,4%дан 3,7%га чейин өскөн. Бирок ресурстарды пайдалануунун натыйжасыздыгы жана сарамжалсыздыгы өзөктүү көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Эмгек акы төлөөгө жана инфратүзүмдү каржылоого чыгымдардын үлүшү мамлекеттик бюджеттин 80%дан ашыгын түзөт, ал эми пациентке түздөн-түз чыгымдар (медикаменттер, тамак-аш) 20-25%ды түзөт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-апрелиндеги N 218 токтому менен жактырылган 2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүгө өтүшү боюнча программада мамлекеттин күч-аракеттерине жана донор уюмдардын колдоосуна карабастан саламаттык сактоо тутумунун сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн калкка жеткиликтүүлүгү аз болуудa деп белгиленген. Жеке клиникаларды өнүктүрүүгө болгон багыт кызмат көрсөтүүлөрдүн номенклатурасын жана сапатын кеңейтүүгө мүмкүндүк берди, бирок ошол эле учурда медициналык жардамга муктаждардын аларды алышына зарыл чыгымдарды көбөйттү. Врач кадрлардын кетип калышы, медициналык кадрлардын шаарларга көп топтолушу жана алардын айыл жеринде жетишпегендиги менен шартталган аларды туура эмес бөлүштүрүү медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө жана анын сапатына терс таасир этүүдө.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасы эл аралык коомчулуктун колдоосу аркылуу 2005-2007-жылдары калктын иммунизациясын жогорку деңгээлде - 95,5%га камсыз кыла алды, бул 2009-жылы кызылча менен ооруп калуу деңгээлин 1 учурга чейин төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк берди, ал эми 2010-жылы республикада бул оорунун бир дагы учуру катталган эмес.

Кургак учук оорусунун азайышы байкалууда. 2006-2010-жылдардагы мезгилде кургак учук оорусунун деңгээли 17%га (100 миң адамга 121,9дан 101,1ге чейин оорулуу) азайды, алардын ичинен балдар арасындагы ооруу тиешелүү жаш курактагы 100 миң адамга 44,0дөн 32,3кө чейин азайды. Безгек оорусунун азайышына жетишилди (2006-ж. 100 миң адамга карата 6,2ден





2010-ж. 0,1ге чейин). Ошону менен бирге 2006-2010-жылдары вирустук гепатит оорусу - 39%га кескин көбөйдү. Соңку жылдары ич келте оорусунун, курч ичеги-карын оорусунун жайылышы белгиленүүдө, бул айыл жерлеринде ичүүчү таза суунун жок болушу же анын төмөн сапаты менен байланыштуу болууда.

2010-жылы стационардык медициналык мекемелерде төрөгөн аялдардын саны 99,4% түздү. 2002-жылдан тартып төрөттүн санынын бир аз көбөйүшү белгиленди. Соңку жылдары төрөттүн санынын өсүшү, бала төрөө үчүн эң ыңгайлуу 20-29 жаштагы аялдардын санынын көбөйүшү менен шартталат, бул жаш курактагы топко 2010-жылы төрөлгөн балдардын 65%ы туура келет.

Кедейлик деңгээлине карабастан бардык аялдар иш жүзүндө стационарда төрөйт (төрөт үйлөр, төрөт бөлүмдөр), бул энелердин жана жаңы төрөлгөн балдардын өлүмүнүн тобокелдигин азайтат. Бирок энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү ошондой эле жогору деңгээлде. Бул көрсөткүч 2006-жылдагы 53кө карата 2010-жылы 100 миң тирүү төрөлгөндөргө - 50,6 учурга чейин азайганына карабастан, каралган мезгилдин ичинде энелердин өлүмү 100 миң тирүү төрөлгөндөргө 75,3 учурга чейин жогорулашы байкалды. Мында энелердин өлүмүнүн дээрлик 80%ы айыл жерлеринде катталган.

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун сунуштарына ылайык климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу калктын чабалдыгынын негизги индикаторлору болуп: жүрөк-тамыр тутумунун оорусу, дем алуу органдарынын (бронхиалдык астма, өпкөнүн өнөкөт обструктивдүү оорулары), жугуштуу оорулар, эң оболу ичеги жана трансмиссивдүү инфекция ооруларынан жабыр тарткан өлүм, оорулар жана кайрылуулар саналат. Бул индикаторлордун кыйла байкалган өзгөрүүлөрү тобокелдик топтор - улгайган жана картаң жана кенже балдардын курагындагы температуралык өзгөрүүлөргө кыйла сезимтал адамдар үчүн мүнөздүү.

**Негизги проблемалар жана тобокелдиктер**

Климаттын өзгөрүшүнүн калктын ден соолугуна берген таасирине баа берүүнүн натыйжасында оорунун деңгээли климаттык-метеорологиялык факторлорго ачык байланышы бар экендиги аныкталган. Ысыктын жана муздактын мезгилдүү кайталанган температуралык толкундары климаттын өзгөрүшүнүн адамга жана курчап турган жаратылышка кыйла мүнөздүү терс натыйжасын берет.

Дем алуу жана жүрөк-кан тамыр системасы оорулуу адамдардын чабал топторунун ден соолугунун абалынын начарлашынан тышкары, адамдар тамак-аш азыктарын сактоо көйгөйлөрүнө байланыштуу курч ичеги-карын жугуштуу оорулардын пайда болуу тобокелдиги көбөйүүдө. Мындан тышкары инфекциялык ооруларды жаңы аймактарга ташуучулардын миграциясы учурунда жергиликтүү экосистеманын өзгөрүшүнүн тобокелдиги жогорулайт.

Жүрөк-кан тамыр оорулары Кыргыз Республикасынын улуу курактагы калкынын эмгекке жарамсыздыгынын негизги себептеринин бири болуп саналып, оорулардын жалпы түзүмүндө 17,4%ты түзөт, бул башка оорулар боюнча ушундай көрсөткүчтөрдөн бир кыйла жогору. Жүрөк-кан тамыр оорусунан болгон мезгилсиз каза болуунун жана майыптуулуктун натыйжасынан жалпы экономикалык жоготуулар 2006-жылы республика үчүн 14188,712 млн. сомго бааланды. Климаттык сценарийлердин моделине жараша абанын температурасы 4,6 град. Цельсия - 6,1 град. Цельсия градуска жогорулаганда курч кармаган ичеги-карын инфекциялар боюнча болжолдонгон учурлардын көбөйүшү 15,9%га жана базалык 2005-жылга салыштырмалуу 2100-жылы 10,6%га жетет.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин изилдөөлөрүнө ылайык азыркы учурда Кыргызстандын саламаттык сактоо тутумунун тамак-аштан уулануудан жапа чеккендерге гана медициналык жардам берүүгө чыгымдалуучу экономикалык жоготууларынын суммасы жыл сайын 1 миллион сомду түзөт, ал эми температуранын жогорулашы ушул чыгымдарды кыйла көбөйтүшү мүмкүн. Климат өзгөргөндө канды иштеп чыгуучу органдардын кан оорулары, заара-жыныс тутумунун оорулары жана безгек менен ооругандар көбөйүшү күтүлөт (температуранын 1 град. Цельсияга өсүшүндө 4%га чейин), ошондой эле ушул оорулардан өлүмгө учуроо көбөйөт, бул болсо өлкө үчүн жыл сайын 5280 млн. сомдон ашык суммадагы экономикалык зыян алып келиши мүмкүн.

Кыргызстанда климаттын өзгөрүшүнүн оорулардын түзүмүнө жана динамикасына таасир берүүсү боюнча изилдөөлөр иш жүзүндө жүргүзүлбөйт, айрыкча гендердик курамдын көз карашында, бул - климаттын өзгөрүшүнө калкты жана саламаттык сактоо тутумун адаптациялоо боюнча адекваттуу алдын ала чараларды көрүүнү кыйындатат.

Саламаттык сактоо секторун климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча өз учурундагы чараларды көрүү экономикалык зыяндын туруктуу көбөйүшүн болтурбоого жана калктын ден соолугун алда канча натыйжалуу коргоого мүмкүнчүлүк берет. Бул, өз кезегинде билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу, ишке жөндөмдүүлүктү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу жана саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөрүнө калктын жалпы чыгымдарын азайтуу аркылуу экономикага жана коомчулуктун калың катмарына пайда алып келет.

### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**Милдет. Климаттын өзгөрүшүнүн таасиринен калктын ден соолугун коргоо боюнча саламаттык сактоо секторунун потенциалын жогорулатуу.**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 31-октябрындагы N 531 буйругу менен Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо секторунун 2011-2015-жылдарга карата климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча программасы бекитилген. Бул программада саламаттык сактоо секторун адаптациялоону күчөтүү үчүн төмөнкү чаралар каралган:

- калктын ден соолугунун абалына климаттык факторлордун терс таасиринин алдын алуу жагынан, анын ичинде дарылоо-диагностикалык жана алдын алуу максатында имараттарды куруу жагынан ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү;
- шаарлардын жана типтүү имараттардын башкы пландарынын долбоорлорун даярдоодо медициналык мекемелерде температуралык режимдин стандарттарын сактоону көзөмөлдөө;
- медициналык климатология маселелери боюнча медициналык ЖОЖдордун жана колледждердин окуу программаларын кайрадан карап чыгуу;
- жүрөктүн коронардык оорусун, мээ инсультун сезондук жана учурдагы экинчи жолу алдын алуу боюнча усулдук сунуштарды иштеп чыгуу;
- сезондук аспектиде калктын инфекциялык ооруларына мониторинг жүргүзүү;
- адамдардын чабал топторун табуу, аларды эсепке алуу, диспансеризациялоо, аларга жагымсыз климаттык-метеорологиялык шарттар жөнүндө маалымдоо (эрте кабарлоо үчүн мобилдик тарамды - SMSти пайдалануу);
- ичүүчү суунун жана тамак-аш азыктардын коопсуздугуна мониторинг;



2017-жылга чейин Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылык-туу багыттарын бекитүү жөнүндө

- узакка созулган аптап жана узакка созулган суук учурларына дарылоо-алдын алуу мекемелеринин даярдык көрүү иш-аракетинин пландарын иштеп чыгуу;
- саламаттык сактоо секторунда энергиялык натыйжалуу жана энергияны үнөмдөөчү технологияларды пайдалануу;
- саламаттык сактоо мекемелерин ысык суу жана электр менен камсыз кылуу үчүн энергиянын ордун толтуруучу булактарын пайдалануу;
- ден соолукту чыңдоо борборлорунун жергиликтүү жамааттар менен агартуу иштерин жүргүзүүсү.

## 2.6. «Токой жана биологиялык ар түрдүүлүк» артыкчылыктуу багыты

**Кырдаалга талдоо**

Кыргыз Республикасынын аймагы Орто жана Борбордук Азиянын тогошкон жеринде ариддик түздүктөрдүн курчоосунда жайгашкан, климаты кургакчыл жана континенталдуу. Өлкөнүн аймагынын 90%ы деңиз деңгээлинен 1000 метрден ашык бийиктикте жайгашкан, ал эми кескин айырмаланган рельеф биологиялык ар түрдүүлүктүн түзүлүшүнүн мозаикалуулугун жана башка өзгөчөлүктөрүн аныктайт. Кыргыз Республикасы ээлеген аймагы боюнча чакан өлкө болгонуна карабастан (дүйнөдөгү кургак жердин 0,13%ы), ал планетанын 200 артыкчылыктуу экологиялык региондорунун катарына кирет. Бул түрлөрдүн ар түрдүүлүгүнүн эң көп концентрациясы - дүйнөлүк флоранын түрлөрүнүн 2%ы жана дүйнөлүк фаунанын 3%ы болгону менен шартталган. Жаратылышты коргоо ишинин негизги багытынын бири болуп сейрек кездешүүчү, эндемикалык жана жоголуу коркунучунда турган өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрүн сактоо саналат. Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине (2007-ж.) жоголуу коркунучунда турган канаттуулардын 57 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 23 түрү, амфибиялардын 2 түрү, сойлоп жүрүүчү жаныбарлардын 8 түрү, балыктардын 7 түрү, муунак буттуулардын 18 түрү, ошондой эле жеткилең өсүмдүктөрдүн жана козу карындардын 87 түрү киргизилген.

2013-жылдын башталышына карата Кыргыз Республикасында өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тарамы бар, ал жалпы 1208,83 миң га аянтта түзүлгөн.

Токойлор жердеги эң эле ар түрдүү жана кеңири таралган экосистемалардын бири болуп саналат, алар бир катар функцияларды аткарышат жана жер бетинин жандуу элементи болуу менен суунун, кычкылтектин, көмүртектин жана башкалардын глобалдык циклдерине катышат. Атмосферада анын ашыкча болушу глобалдык ысып кетүүгө алып келе турган жападан жалгыз көмүр кычкыл газын табигый сиңдирип алгычы болуп саналат. Кыргыз Республикасында токойлор кайталангыс жана нымдын өзүнчө аккумулятору болгондуктан чоң экологиялык мааниге ээ. Тоолордун бетинде өсүп, алар сел агымдарынын алдын алууга, тоолордо кар көчкүлөрдүн жана жер көчкүлөрдүн пайда болушуна тоскоолдук болууга мүмкүнчүлүк берет, дарыялардагы суунун сарпталышын аларды жыл ичинде текши кылуу менен жөнгө салып турат. Кыргыз Республикасында токойлордун болжол менен 90%ы деңиз деңгээлинен 700дөн 2500 метрге чейинки бийиктикте жайгашкан. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-июлундагы N 407 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын токойлорун Улуттук инвентаризациялоонун натыйжаларына ылайык, 2011-жылдын 1-январына карата Кыргызстандын токой өскөн аянты 1116,56 миң

гектарды же болбосо өлкөнүн жалпы аянтынын 5,61%ын түзөт. Алардын ичинен 846,5 миң га - токой жайгаштыруу иш-чараларын өткөрүүнүн жүрүшүндө, 85,6 миң га - жерге жайгаштыруу иш-чараларын өткөрүүнүн жүрүшүндө изилденген, 184,5 миң га - али изилдене элек. Мында эксперттер тарабынан эсептелип чыккан токой экосистемаларынын экологиялык кызмат көрсөтүүлөрүнүн экрномикалык баалуулугу жыл сайын 447,36 млрд. сомду түзөт.

Токой экосистемаларын өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын негиздери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 14-апрелиндеги N 256 токтому менен бекитилген 2025-жылга чейинки мезгилге токой тармагын өнүктүрүү концепциясында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 25-ноябрындагы N 858 токтому менен бекитилген 2005-2015-жылдарга карата Улуттук токой программасында аныкталган.

**Негизги проблемалар жана тобокелдиктер**

Абанын температурасынын мындан аркы жогорулашы өсүмдүк жамааттардын тике алкактарынын жылышуусуна алып келет. Өсүмдүктөрдүн чөл жана жарым-жартылай чөл түрлөрү тоо талаалардын жана шалбаа талаалардын ордун ээлейт, өсүмдүктөр арасында түрлөрдүн алмашуу, биологиялык ар түрдүүлүктүн жана токойлордун жоголуу процесстери күчөйт. Көмүртектин табигый сактоочулары болгон токойлор суу ресурстарынын сапатын жана санын камсыз кылуунун негизги фактору дагы болуп эсептелет. Токой өстүрүү жана токойлорду калыбына келтирүү - нымдуулукту жогорулатууга, температураны төмөндөтүүгө жана жаан-чачындын санын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Токойлордун жок болушу жаан-чачындын санынын кыскарышына, анын натыйжасы катары дарыя агымынын азайышына жана абанын температурасынын жогорулашына алып келет. Көмүртекти өзүнө сиңирип алуу масштабдары, өзгөчө анын узакка созулган топтоо көлөмү боюнча токойлор парник натыйжасын болтурбоонун кыйла ишенимдүү табигый тутуму деп таанылат.

Түндүккө жылып кетүүдөн тышкары глобалдык ысып кетүүнүн натыйжасында токойлордун азыркыдан да бийик тоолорго өтүп кетүү мүмкүнчүлүгү бар. Ушундай тенденция генетикалык жана экологиялык таасирлердин натыйжасында өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн өспөй калышына алып келиши мүмкүн. Бак-дарактардын көптөгөн түрлөрү байыр ала албайт жана климаттын өзгөрүшүнүн натыйжасында жоголот. БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун изилдөөлөрү жакынкы жүз жылдыкта климаттын өзгөрүү процесси токой экосистемаларынын жаңы, жылуураак климатка ыңгайлашуу зарылчылыгына алып келе тургандыгын көрсөтүп турат. Бул бир катар токойлордун жана өсүмдүктөрдүн жоголуп кетишине, тиешелүү түрдө алар аткарган экологиялык кызмат көрсөтүүлөрдүн жоголушуна алып келет. Жоголгон токойлордун экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн экономикалык пайдасын сактап калуу үчүн жыл сайын токой чарбалык иш-чараларды жүргүзүү зарыл.

Эксперттик эсептөөлөр абанын температурасынын +1,5 град. Цельсияга чейин жогорулашында жана атмосфералык жаан-чачындардын 10%га азайышында экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдүн ар жылдык экономикалык пайдасын сактап калуу үчүн жыл сайын токой чарбалык иш-чараларды 4550,4 млн. сом суммасында жүргүзүүгө тийиш экендигин, ал эми климаттын өзгөрүшүнүн эң эле ыңгайсыз сценарийи үчүн токой ресурстарынын жоголушунан экономикалык зыян 10272 млн. сомду түзөөрүн көрсөтөт.





### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**1-милдет. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгүн сактоо.**

Негизги чаралар:

- климаттын өзгөрүшүнүн шартында флора менен фаунанын түрлөрүнө дайыма мониторинг жүргүзүү;
- өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тутумун башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу;
- суу-саздуу жерлерди табигый биологиялык ар түрдүүлүктүн өкүлдөрүнүн жашаган жери жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоодо чечүүчү ролду ойногон жаратылыш чөйрөсүнүн маанилүү компоненти катары сактоо жана калыбына келтирүү;
- туристтик ишти ж.б. пландаштырууда аймактардын рекреациялык сыйымдуулугун эсепке алуу.

**2-милдет. Токой өскөн аймактардын аянтын көбөйтүү.**

Негизги чаралар:

- социалдык токой өстүрүүнүн жана токойлорду бирге башкаруу принциптерин илгерилетүү;
- токой жайгаштыруу жана токойлорду калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү ж.б.

## 2.7. «Маалымдоо, билим берүү жана илимий потенциал» артыкчылыктуу багыты

**Кырдаалга талдоо**

Климаттын өзгөрүшүнүн көйгөйлөрү боюнча мамлекеттик түзүмдөрдүн бардык деңгээлдеринде жана жарандык коомдо маалымдоонун төмөндүгү көйгөйү бар. Жалпыга маалымдоо каражаттарында климат маселелерин чагылдырууда көптөгөн журналисттер ушул маселе боюнча жалпы элдик талкуулоолорго кызыкчылыкты сактап, кеңири коомчулуктун билимдерин тереңдетишет. Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы тарабынан климаттын өзгөрүшү жөнүндө маселе боюнча мамлекеттик кызматчылардын маалымдуулугуна жүргүзүлгөн баа берүү алардын дээрлик 90%ы бул көйгөй тууралуу бирөөлөрдөн уккандар экендиги, бирок 30%дан азы гана маселени кыйла терең түшүнөөрү аныкталды. Көптөгөн коммерциялык эмес уюмдар эл аралык процесстерге жигердүү катышкандыктан, алардын климаттын өзгөрүшү боюнча жөнүндө маселелер жөнүндө түшүнүктөрү бар.

Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүү маселеси боюнча ИНФОИК маалыматтык тарамы түзүлгөн, ал электрондук жиберүүлөрдүн негизинде климаттын өзгөрүүсүнүн практикалык маселелери боюнча эл аралык жаңылыктарды жана башка маалыматтарды таркатуу менен бир катар эксперттерди жана уюмдарды бириктирди. Климаттын өзгөрүшүнүн маселелери региондук деңгээлде «Борбордук Азиядагы айлана-чөйрө жана туруктуу өнүктүрүү - КАРНет» маалыматтык тарамы тарабынан дайыма чагылдырылып турат. Айрым эл аралык уюмдар тарабынан климаттын өзгөрүүсүнүн маселелери боюнча мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин маалымдуулугун жана билимдерин жогорулатуу боюнча иш-чаралар турмушка ашырылды, бирок иш системалык түрдө жөнгө салына элек.

Климаттын өзгөрүүсүнүн глобалдык мүнөзү мамлекеттик түзүмдөрдүн, жарандык коомчулуктун изилдөө институттарынын, бизнес-коомчулуктун, эл аралык уюмдардын максималдуу кеңири кызматташтыгын талап кылат. Улуттук илимий мекемелердин потенциалы улуттук жана жергиликтүү деңгээлде изилдөө иштерин турмушка ашыруу жана адаптациялык иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн толук колдонулбайт.

**Негизги проблемалар**

Климаттын өзгөрүшүнүн феномени адамзаттын алдында турган башка бардык проблемалардан принциптүү айырмаланып турат жана көптөгөн мамилелерде ой жүгүртүүнүн таптакыр башка формаларына мажбур кылат, бул улуттук изилдөөлөрдү жана жаңы билимдерди талап кылат. Ушуга байланыштуу климаттын өзгөрүшүнүн жана анын адамдардын жашоосуна, экономикага жана курчап турган чөйрөгө тийгизген таасири боюнча маселелер таламдаш тараптар арасындагы проблеманы түшүнүү деңгээлинин жана маалымдоонун жогорулашы, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын ийгиликтүү ишке ашыруунун маанилүү фактору болуп саналат.

### *Милдеттер жана сунуш кылынган чаралар*

**1-милдет. Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жаатында чечим кабыл алган жактардын жана калктын маалымдар болушун жогорулатуу.**

Негизги чаралар:

- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча маалыматтык материалдарды иштеп чыгуу жана таратуу, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;
- климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча мыкты практикалык мисалдардын негизинде мамлекеттик түзүмдөрдүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин, менчик бизнестин жана жарандык коомдун маалымдар болушун жогорулатуу.

**2-милдет. Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жаатында билим берүү жана илимий потенциалды жогорулатуу.**

Негизги чаралар:

- климаттын өзгөрүшү, анын жашоо-турмуш чөйрөсүнө таасири жана ар кандай билим берүү деңгээлиндеги жана курактык топтор үчүн адаптациялык усулдарды жана механизмдерди киргизүү боюнча окуу курстарын иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнүн табигый процесстеринин жана ушул жаатындагы заманбап илимий жана техникалык жетишкендиктердин негизинде климаттын өзгөрүшүнүн божомолдоо мониторингин күчөтүү;
- климат өзгөрүп турган шарттарда агроөнөр жай комплексинин натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу жаатындагы изилдөөлөр;
- кыртышка антропогендик таасир этүүнүн кесепеттерин (чөлгө айлануусун, бузулушун, булганышын, эрозия ж.б.) жана жер кыртышынын күрдүүлүгүн сактоо, сарамжалдуу пайдалануу жана жаңыртуу ыкмаларын изилдөө;
- климаттын өзгөрүшүнүн буудайдын жана башка негизги өсүмдүк өстүрүүчүлүк азыктарынын түшүмдүүлүгүнө таасир берүү деңгээлин баалоо боюнча изилдөөлөр ж.б.





## 3. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУ

### 3.1. Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашырууну мамлекеттик координациялоо

Ведомстволор аралык жана секторлор аралык координациялоону ишке ашыруу, ошондой эле артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу боюнча стратегиялык чечимдерди кабыл алууга жоопкерчилик РКИКтин жана анын Киото протоколунун талаптарына ылайык, климаттын өзгөрүшү маселелери боюнча секторлор аралык орган катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-ноябрындагы N 783 токтому менен түзүлгөн Климаттын өзгөрүшүнүн проблемалары боюнча координациялык комиссияга (мындан ары - КӨПКК) жүктөлгөн. Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшү боюнча тиешелүү программалык документтерди иштеп чыгууга жоопкерчилик профилдик министрликтер менен ведомстволорго, артыкчылыктарды ишке ашырууга мониторинг жана баа берүү КӨПККга, маалымат чогултуу жана КӨПКК үчүн чечимдерди даярдоо анын жумушчу органы - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигине жүктөлгөн.

### 3.2. Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруунун этаптары

Өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жана дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнөн улам адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарын турмушка ашырууга жетишүү кыска мөөнөттө жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес. Ошондуктан ар бир секторда ченемдик укуктук базаны, өндүрүштүк-технологиялык шарттарды этап-этабы менен түзүү, арадагы натыйжаларга жетүү жана аларды бекемдөө, ошондой эле инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана эл аралык донорлорду издөө зарыл.

Ушуга байланыштуу климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча артыкчылыктуу багыттарды турмушка ашыруу эки этап менен ишке ашырылат.

Биринчи этап (2013-2014-жылдар) - бул туруктуу-даярдоочу этап, ал оң адаптациялык иш-аракеттин потенциалына жана экономикалык өсүштү түзүүгө, таасын долбоордук сунуштарды идентификациялоого жана аларды иштеп чыгууга, потенциалдуу донорлор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө, ошондой эле климаттын өзгөрүшү жаатындагы ченемдик укуктук базаны, илимий жана маалыматтык потенциалды жогорулатууга багытталат. Биринчи этаптын жүрүшүндө зарыл болгон ченемдик укуктук, материалдык-техникалык негиздер салынат, климаттын өзгөрүшүнүн шартында экономика секторлорун өнүктүрүүнүн инновациялык моделдери идентификацияланат, ошондой эле адаптациялык иш-чараларды ишке ашыруу үчүн тышкы каржылоону тартуу боюнча долбоордук сунуштар иштелип чыгат жана консультациялар өткөрүлөт. Ошондой эле биринчи даражадагы иш-чаралар ишке ашырылып, каржылоо табылганына жараша долбоорлор өз ишин баштайт.

Экинчи этап (2015-2017-жылдар) - иштелип чыккан адаптациялык чараларды жана экономиканын секторлору боюнча долбоорлорду жигердүү турмушка ашыруу этабы. Бул этап климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча сектордук пландарды иштеп чыгууну карайт. Климаттын өзгөрүшүнүн проблемалары боюнча координациялык комиссиянын 2013-жылдын 15-февралындагы биринчи жыйынында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча тармактык программаларды даярдоо жана аларды 2014-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө төмөнкү мамлекеттик түзүмдөр: Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаал-

дар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги бериши жөнүндө чечим кабыл алынган.

Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруунун бардык этаптарында башка өлкөлөр менен кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана чындоого маанилүү роль бөлүнөт, анда климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жагынан эң мыкты ыкмалар практикада сыналат. Ошондой эле бул жагынан БУУнун Өнүктүрүү программасы, БУУнун Айлана-чөйрө боюнча программасы, Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму, Дүйнөлүк банк, Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Азия өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык уюмдардын тажрыйбасы жана потенциалы колдонулат.

### 3.3. Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашырууну каржылоо

Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу каржылоонун улуттук жана эл аралык булактарын, техникалык жана технологиялык жардамды пайдаланууга негизделет жана олуттуу финансылык, илимий-техникалык, эмгектик жана башка ресурстарын мобилизациялоону талап кылат. Адаптациялоо чөйрөсүндөгү финансылык агымдарды түзүү процесси экономикадагы капиталдарды инвестициялоо жана топтоо процесси менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан кеп каржылоонун принциптүү башка булактарын түзүү жөнүндө эмес, болгон ресурстарды пайдаланууда кошумча критерийлер жана түрткү берүүлөр жөнүндө жүрүп жатат. Ушундай булактарга өнүктүрүүнүн сектордук жана региондук программаларын ишке ашыруу үчүн каралган ресурстар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө сарптоолору, жеке компаниялардын инвестициялары, эл аралык донордук жардам ж.б. кирет.

Климаттык тобокелдиктерди эсепке алуу мамлекеттик жана менчик секторлордо каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө чечим кабыл алуу механизминин элементи болууга тийиш. Ушундай механизмдин өбөлгөсүнүн бири болуп усулдук жана ченемдик укуктук документтер саналат, аларды климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо милдеттерине шайкеш келтирүү зарыл.

Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо проблемаларын натыйжалуу чечүү үчүн инвестициялардын ойдогудай деңгээлдерин, алардын айкалыштарын жана булактарын аныктоону көздөгөн кошумча тышкы инвестициялар жана эл аралык сүйлөшүүлөр керек. РКИКти колдогон мүчө мамлекеттер адаптациялык долбоорлорду каржылоо үчүн бир нече түзүмдөрдү түзүштү. Алардын ичинде - Глобалдуу экологиялык фонд жана атайын фонддор бар. Мындан тышкары адаптациялоо иш-чаралары Дүйнөлүк банк, Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Азия өнүктүрүү банкы, БУУ агенттиги сыяктуу эл аралык уюмдардан эл аралык тажрыйба алуу жана финансылык ресурстарды тартуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын негизги донор өлкөлөрүнүн (Европалык Союз, Германия, Финляндия ж.б.) эки тараптуу жана көп тараптуу жардамынын негизинде чечилиши мүмкүн. Донорлордун ишин КӨПКК тарабынан туруктуу негизде координациялоо болжолдонууда.

Адаптациялоо долбоорлорун ишке ашыруу үчүн эл аралык каржылоону изденип алууда өлкөлөрдүн чоң атаандаштыктарын эсепке алып, долбоордук сунуштарды кылдат даярдоо зарыл. Каржылоого табыштамалар климаттык тобокелдиктерди төмөндөтүү жана зыяндарды болтурбоо ыкмаларын кең-кесири баяндоону камтууга, негиздеме менен бекитилип жана Кыргыз Республикасында климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун артыкчылыктуу багыттарында чабалдыкты азайтуунун негизги критерийлерине шайкеш келүүгө тийиш.



## RESOLUTION OF THE GOVERNMENT OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Bishkek, dated October 2, 2013, No.549

### On approval of Priority Directions for Adaptation to Climate Change in the Kyrgyz Republic till 2017

For adaptation of ecological and economical systems of the Kyrgyz Republic to changing climate and fulfillment of international obligations under the United Nations Framework Convention on Climate Change, the Government of the Kyrgyz Republic, guided by Article 10 of the constitutional Law of the Kyrgyz Republic "On the Government of the Kyrgyz Republic", has decided:

1. To approve Priority Directions for adaptation to climate change in the Kyrgyz Republic till 2017.
2. The State Agency of Environment Protection and Forestry under the Government of the Kyrgyz Republic together with interested Ministries and Agencies should take necessary measures in order to realize priority Directions for adaptation to climate change in the Kyrgyz Republic till 2017.
3. To assign control over execution of present Resolution to the department of Agro-Industrial Complex and Ecology of the Government office of the Kyrgyz Republic.
4. Present Resolution came into effect from the day of its official publication.

***Published in «Erkin Too» newspaper on October 4, 2013, No. 18***

Prime Minister of the Kyrgyz Republic J. Satybaldiev

Approved by the Resolution
of the Government
of the Kyrgyz Republic dated
October 2, 2013 No. 549

# PRIORITY DIRECTIONS
## For adaptation to climate change In the Kyrgyz Republic till 2017

For the recent decades, climate change and its consequences for environment, economy and society became one of the most actual global problems of the international community. The expert analysis, performed by the State Agency of Environment Protection and Forestry under the Government of the Kyrgyz Republic together with the United Nations Development Programme, determines situation in the Kyrgyz Republic as critical from the viewpoint of transition to the irreversible climatic changes. Preliminary calculations, performed by the experts in the process of development of priority Directions for adaptation to climate change in the Kyrgyz Republic till 2017, have shown that for the most unfavorable climate change scenarios, the annual economical damage for the Republic by 2100 can amount to about 64800 mln. KGS. Climate change can cause negative effect to country's efforts toward increasing of life level. Now therefore, development and implementation of the national climatic policy, especially policy on adaptation to climate change, becomes the imperative need.

Millennium Development Goals stimulated incomprehensible efforts for satisfaction of needs of the poorest population groups around the world. The Government of the Kyrgyz Republic, civil society and international institutes have undertook implementation of whole spectrum of tasks till 2015 – from reduction of extreme poverty indicators to ensuring of environmental sustainability and compulsory education, decreasing of child mortality and guarantying of gender equality. Development and realization of measures on adaptation to climate change should be considered as part of strategy on strengthening of country's achievements in the field of Millennium Development Goals implementation after 2015.

Preliminary activities in the framework of adaptation to climate change will bring to Kyrgyzstan remarkable economical benefit and allow minimizing threats for ecosystems, life and health of population, economical development and infrastructure objects. Expert calculations of republic' expenditures for development of adaptive measures for prevention of negative consequences from climate change confirm that benefit from their implementation can be enough essential; and complex approach, combining science, technologies will contribute to decreasing of society and country vulnerability to climate change. Using climate change problem as catalyzator for starting of activity, country will accelerate the process of sustainable development goals achievement, fostering attainment of adaptive milestones. Development and approval of priority Directions for adaptation to climate change (hereinafter referred to as the priorities are the initial steps of this process.





## 1. MISSION OF PRIORITY DIRECTIONS FOR ADAPTATION TO CLIMATE CHANGE

The main mission of priority Directions is establishment of National policy on resources mobilization for minimization of negative risks and utilization of potential opportunities of climate change for sustainable development of the Kyrgyz Republic based on adaptive measures implementation in economic sectors, which are the most vulnerable to climate change.

In the following strategies for economy sectors development, planned activity should be harmonized with climate change adaptation priorities. Adaptive measures should be developed based on analysis of risks caused by climate change, vulnerability assessment of economy sectors, natural objects, and population. Priority Directions are the first step toward elaboration of complex planning system and implementation of adaptive measures in the framework of inter-institutional and cross-sectoral approach and involvement of all stakeholders into development of projects on adaptation to climate change. Practical realization of priorities on adaptation to climate change will require individual approach to each separate country's region, taking into account its natural, social and economical characteristic.

Besides that, priority directions will be the main instrument for position building during negotiations in the framework of United Nations Framework Convention on Climate Change (hereinafter referred to as - UNFCCC) and systematization of external fundraising for development of national economy.

## 2. MAIN PRIORITY DIRECTIONS FOR ADAPTATION TO CLIMATE CHANGE

The overall goal of projects and programmes in the field of adaptation is support of specific activities aimed at mitigation of climate change negative consequences for population, country and economy sectors.

The key elements of adaptation activity are:

- improvement of normative and legal frameworks for climate change adaptation;
- improvement of institutional foundations and provision of inter-institutional integration within the climate change adaptation issues;
- improvement of financial and economical mechanisms, including mobilization of external financing for priority adaptation measures;
- improvement of informational instruments, ensuring monitoring of climate change processes and climate risks assessment;
- involvement of civil society into climate change adaptation process;
- increasing of scientific capacity in the field of climate change adaptation;
- organization and promotion of transboundary cooperation in the field of climate change adaptation.

Realization of adaptation priorities will allow preventing expected damage, associated with climate change risks under implementation of long-term development programmes at the national level and at the level of separate sectors, where the risks of damages are especially high:

- water recourses;
- agriculture;
- energetics;
- Emergency situations;
- health care;
- forest and biodiversity.

## 2.1. Priority Direction "Water Resources"

**Analysis of situation**

Hydrological characteristic and advantage of the Kyrgyz Republic is that its water resources are formed completely on its territory. The Kyrgyz Republic has significant resources of underground and surface waters, the reserves of which are concentrated in the rivers, lakes, eternal glaciers, and snow massifs.

There are more than 3,500 rivers in the country, which belong to the main basins of the rivers Syrdarya, Amudarya, Chu, Talas, Ili, Tarim and Issyk-Kul Lake. These rivers flow across the territory of the Kyrgyz Republic and then to other Central Asian countries. Water resources of country play important role in ecological and economical stability of whole Central-Asian Region. The total runoff volume of Kyrgyzstan's river is about 47-50 cubic km. The Kyrgyz Republic uses only 20-25% from existing water reserves. The rest runoff flows to the territory of neighboring countries - Kazakhstan, China, Tadjikistan, and Uzbekistan.

According to the data from the National Report on the state of the environment of the Kyrgyz Republic for 2006-2011, approved by the Resolution of the Government of the Kyrgyz Republic dated August 7, 2012 No. 553, in 2010, 93% of extracted freshwater was used for irrigation and agricultural water supply, 4.6% was used for household needs and as potable water and only 2% for industrial purposes. This water consumption structure continued in recent years. Both surface water and groundwater are used for irrigation, while for industrial purposes and as potable water, underground water is mostly used. In 2010, the household water consumption per capita was 40 cubic meters, which is 1.6 times higher than in 2006. The highest water consumption is registered in Chu (including Bishkek city) and Osh Oblasts.

Water management sector of the Kyrgyz Republic provides with water 1018,7 thousand hectares of irrigated lands, 100,1 thousand hectares out of them are unsatisfactory in meliorative terms. The total length of all farm channels is 6502,34 km, 43% from which with lining. In total, there are 34 water reservoirs and 8318 different hydraulic engineering structures. The length of collector-drainage network is 642,46 km. Intrafarm irrigation infrastructure amounts to 22700 km of irrigation channels (24% from them are lined and in trays). The length of opened and closed collector-drainage networks - 4300 km, 48% of them are in unsatisfactory condition. There are significant problems with development of water reclamation construction in the process of new lands reclamation and reclamation of used irrigated lands. Water losses during supply from water intake to the fields, due to unsatisfactory technical condition of irrigation ditches, according to the official statistics amount to 23% approximately, and according to the expert assessments – more than 40%.





**Main problems and risks**

Studies, carried out in the framework of preparation of the Second National Communication of the Kyrgyz Republic under the UN Framework Convention on Climate Change, approved by the Resolution of the Government of the Kyrgyz Republic dated May 6, 2009 No. 274, have shown climate change impact on the reduction of runoff of small rivers, which are fed from glaciers.

The seasonal distribution of runoff has also changed. 4,1% of the Republic territory are occupied by glaciers and snowfields. According to the existing data, related to the 60th, there are 8208 glaciers on the territory of the Kyrgyz Republic, with total glaciation area of 8076,9 square km. Currently the active glaciers melting is observed and based on the expert assessments, present indicators have been decreased by 20%.

Increasing of surface runoff up to 55,5 cubic km due to intensive glaciers melting is expected till 2020-2025. Decreasing of surface runoff to 42-20 cubic km that amount 44 -88% of runoff volume in 2000, is forecasted by 2100. Consequences of this process can lead to insufficient water resources provision, decreasing of energy capacity and land resources productivity not only in Kyrgyzstan, but in the whole Central-Asian Region. Under scenario of temperature increasing up to +1,50C and precipitation decreasing to - 0,9 mm, the calculations have shown expected by 2050 decreasing of runoff of Issykkul, Chui, Syrdariya and Amudariya rivers basins by 4-31% against long-term annual average. The significant runoff decreasing within 49-19% of long-term annual average is forecasted by 2100. At that the most significant runoff decreasing is presupposed in the basin of Issyk-Kul Lake – up to 31% by 2050 and 41% - by 2100, Chu river - 21% and 42% correspondingly.

According to the demographic scenario of UN with high population growth level under keeping of existing practice of water usage and water apportioning with neighboring countries, the Kyrgyz Republic will suffer a shortage of water resources for irrigation in case of temperature increasing by 40C, starting from 2075 and in case of temperature increasing by 6,4 0C – from 2065.

Forecasted water shortage increasing determines necessity for following improvement of water management system, taking into account climatic and social-economical changes. Changes in water usage will be caused by combined impact of following factors: water supply status, increasing/decreasing of water needs for irrigated lands, and also the other sectors.

### *Tasks and proposed measures*

**Task. Introduction of sustainable water management practice.**

Key measures:

- Improvement of sustainable water resources use, introduction of economic motivation for sustainable water management;
- Rehabilitation of existing and construction of new water facilities for water management system;
- Preservation of river runoff formation zone – restoration and planting of forest cover, adherence of water objects lines and water protection zones regime;
- Restoration and support of monitoring system for nature-climatic parameters;

- Assignment of specially protected areas status to the key runoff formation zones;
- Restoration and support of monitoring system for natural environment and climatic parameters;
- Increasing of awareness about qualitative and quantitative status of water resources;
- Strengthening of international cooperation in the field of preservation and use of transboundary water objects;
- Increasing of public awareness about social and economical consequences of climate change, including problem, associated with growing water deficit.

## 2.2. Priority Direction "Agriculture"

**Analysis of situation**

The Kyrgyz Republic is agrarian country, in which 66% of population reside in rural area, where the poverty level is higher.

In the Programme of the Kyrgyz Republic transition to the sustainable development for 2013-2017, approved by the Resolution of the Government of the Kyrgyz Republic dated April 30, 2013, No. 218, it has been noted that the share of agriculture in country's GDP was 17,5% in 2012 that by 0,5% less than in 2011. For the last 15 years, the relative share of agriculture in economical structure has decreased more than twice – from 46% to 17,5%.

